


# ТАЙЭНЕМДИН МАЙРАМЫ

# ЖАҢЫЛГАНДАН КИЙИН

Таалайбек жылдын төрт мезгилин ажырата албай турган. Кардын түшкөнүн, анан ал бир кезде жок болуп, кийин гүлдөрдүн өскөнүн гана билет. Жаз, андан кийин жай болору, анын артынан күз келип, андан кийин кыш түшөөрү менен иши жок. Ошол себептүү жазында да алма жейм деп, ыгы жок жерден чатак салат. Айласы кеткенде көзүн жумуп алып, асман жакка карайт да, оозун ачып: «Алма быш, оозума түш», – деп кыйкырат.

Өткөн жылы кыш айларынын биринде апасы бир жолу ушул сөздөрдү айттырып, алма берип койгон. Ошондон кынуу таап калса керек. «Ушинтсем, бере коёр бекен» деген ой менен кээде кыйкырып калат. Ошентип, мезгилди билбегендиктен, Таалайбек дагы бир жаңылды.



Бүгүн дем алыш болгондуктан, бул үйдөгүлөрдүн баары үйдө. Таалайбек дем алышты жакшы билет, себеби, атасы мындай күндөрдө уулун чанага олтургузуп алып, көчөгө чыга турган. Кыйла жерге сүйрөп барып, анан кайта келчү. Дем алыш болдубу, Таалайбектин чери, жарпы жазылат. Керели кечке эрмеги – атасы.

Бүгүн ошол чана тепмей күндөрүн эске түшүрүп, күтпөгөн жерден атасын чакырып калды.

– Ата, бери келчи, кулагыңа бирдеме айтайын.

– Эмнени айтмаксың?

– Бери келсең, бир кызык.



«Бир кызык» дегенинен улам, «Кандайдыр бир жаңылыкты айтканы жаткан го» – деп ойлоп, уулунун жанына басып барды.

– Кана айтчы, угайын.

– Жүрсөң, эшикке барганда айтам. Бир сонун… Жакып: «Чын эле бир сонунду айтат го» – деген ой менен уулунун артынан ээрчий басты.


Күн жогору көтөрүлүп калган. Айлана мемиреп турат. Эки кара чыйырчык тиги маңдайкы бакка конуп алышып, өздөрүнчө кеңеш курган сыяктуу алмак-салмак чыйпылдашат. Алардын тилине түшүнчүдөн бетер Таалайбек аз убакытка тиктеп калды.

– Сонунуңду айтчы, ал эмне экен?

Сыртта атасы экөө гана болчу, бирок, башка бирөөлөр анын сөзүн угуп койчудан бетер Жакыпка жакын келип, басыңкы үн менен айтты:

– Ата, кулагыңды тосчу…

Жакып эңкейди эле, атасын моюндан алып, өзүнүн боюна тең келтирүү үчүн дагы ылдый тартты да, угулбас үн менен сүйлөй баштады.



– Ата, шыбыр, шыбыр… – угуп жатасыңбы? Кийинки эки сөздү көтөрүңкү сөз менен айтты.

– Ооба.

– Мени ойнотчу!

– Макул, кандай оюн?

– Чанага тептир.

– Чананы кышында, кар көп жааганда тебет, карабайсыңбы, жерде кар жок.

– А-аный, чана тебем.

– Чана сүйрөлбөйт, машынаңды теп.

– А-аный, чанам жакшы.

– Акылың барбы?

– Бар. Ошол үчүн чанамды тептир деп жатам.

Жакып канча айтпасын, Таалайбек кежирленгенден кежирленип туруп алды.




– Велосипедке мин, көчөгө жүрүп келели, – десе такыр болбойт. Так ушул учурда Сыйнат сыртка чыгып, эшик алдында гүл отургузаарын айтты эле, ал ордунан дароо ыргып турду:

– Ата, мен дагы тигем.

Сыйнат менен Жакып чоң темир күрөк менен жерди оодара башташты эле, Таалайбек да кичинекей күрөгү менен бир жагынан кирди.

– Апа, мындай турчу, атам экөөбүз казалы, мен эле бүтүрөм.


Кичинекей күрөгү жерге өтпөсө да, тыйтактап, казымыш болот. Кыйратып жаткан кишиден бетер чарчап калгансып, ахалаганын айтпа. Атасынан өтөм, андан көп казам деп жатып, маңдайынан тер мончоктоп агып, бат эле чарчап калды. Күрөгүнө кичине топурак илинсе, барпалактап мактанат дейсиң, быйпыйган мурду дердее түшөт.



– Көрдүңбү? Мен кыйратып жатам, ээ? – күлмүңдөгөн калыбында атасы менен апасына шаңырая карап, алардан жооп күткөн болот. Ага мактоо жараша турган. Суроону бергени: «Мени мактаар бекен?» – дегени. Уулунун чын берилип иштеп жатканына кубанган Жакып чындыгында эле Таалайбекти мактай кетти:

– Баракелде, мунун баарын уулум бүтүрдү. Азыр жаз болду. Демек, чечинип иштеш керек. Чана тебем деп, чатак салгандан көрө ушинтип эмгек кылсаң!

Бул сөздү укканда Таалайбек дагы көтөрүлө түштү. Шымынын шыпырылып кеткенине карабай, башын да көтөрбөй, куду эмгекчил



дыйкандай чамдап иштөөдө. Жаагынан ылдый көздөй аккан терди көйнөгүнүн жеңи менен шашкалактаган түрдө улам аарчып коёт.

Уулунун ушинтип шымаланып иштегенине ата менен эне кантип кубанбасын! Аларга уулу тоону томкоруп жаткандай сезилди.

– Баракелде, иштешиңе!

– Ата, мен эмгекти сүйөм, ээ?

– Сүйөсүң, уулум.

– Мен эмгекти абдан жакшы сүйөм. Чоңойгондо мен силерди багам, ээ? Ал ушул сөзү менен эле өзүн да, ата менен энесин да ыраазы кылып, аларды ушу бүгүндөн тартып, бага баштагандай сезди. Анын кубанычка батканы күлүңдөгөн көзүнөн, албырган жүзүнөн билинип турду.

***Ж.Таштемиров***




# ТАЙЭНЕМДИН МАЙРАМЫ

Келсем тайэнем үйдө экен. Тайэнем мени, мен да аны жакшы көрөмүн. Анткени, кичинемдеӊ мени көтөрүп, көп жомокторду айтып берер эле. Мен ошол жакшы көргөн тайэнем үйдө отурганына кубанып кеттим. Талаадан терген бир кучак гүлүмдү бердим. Тайэнем абдан сүйүнүп кетти да:

– Мына, менин майрамым! – деп, менин эки бетимден эки өөп, гүлдү шоркурата жыттап алды.

– Эӊ сонун жыттуу гүлдөрдү терипсиӊ, айланайын, мунун жарымын апаӊа бер.

– Апама эртеӊ терип келип берем. Муну бүт бойдон сен ал, тайэне.



– Эртеӊ гүл терем деп өзүӊчө кетпе, жоголосуӊ, – деди ары жактан апам.


– Сен жолду билбейсиӊ да? – деди тайэнем.

– Мен жолду билем. Сен мени менен кошо бар, тайэне, – дедим мен. Чынында мен азыр кайтаруудан чыга элекмин.

Тайэнем мен берген гүлдү идишке салып жатып, дагы жыттап:


– Мына менин майрамым! – деп, баягы сөзүн кайталап жатты. Кубанганын сезип турам. Бул гүл тайэнеме берген биринчи белегим болчу.

***Ш. Бейшеналиев***



# КЕЗЕК МЕНЕН

Чоң атасынын үйүндө Нуриянын Чолпон, Үмут, Жыпар деген эжелери бар. Чолпон менен Үмүт мектепте окушат. Экөө тең жакшы окуйт. Экөөнүн тең сүрөттөрү Ардак тактада илинип турат. Жыпар болсо, бала бакчага барып жүрөт. Ал да тамгаларды окуганды, жазганды үйрөнүп калды. Нурия барган сайын эжелери ага ыр үйрөтүшөт. Бийлегенди да үйрөтүшөт. Төртөө кошулуп ырдашат. «Ча-ча-ча» деген бийди бийлешет. Алар аны телевизордон көрүшкөн. Ошентип, ойноп жатышып, столдун үстүндөгү идиштерди жыйнаганды унутуп коюшат.



– Чолпон, столдун үстүн жыйна, – дейт апасы.

– Мен эртең менен жыйнагам. Эми Үмүт жыйнасын. Идиштерди да жуусун! – дейт Чолпон.

– Анда кезек менен жуугула. Эртең менен Чолпон, түштө Үмүт, кечинде Жыпар.

– Жыпар кечинде эрте уктап калат да!

– Анда эртең менен жуусун.

– Эртең менен да кеч турат!

– Анда эртең менен Чолпон, түштө Жыпар, кечинде Үмүт жуусун.

– Ии, ошондой болсун!

– Мен да жууйм, мен да жууйм! – деди Нурия.

Чолпон, Үмүт, Жыпар үчөө каткырып күлүп калышты.


*М. Ормонбеков*



# КАГАЗДАН ЖАСАЛГАН МИҢ ТУРНА


1945-жылы дүйнөлүк экинчи согуш аяктаганда, Америка Япониянын эки шаарына эки атом бомбасын жардырган. Анын бири Хиросима шаары эле. Шаар толук талкаланып, миңдеген адамдар курман болушкан. Анткени, бул бомба кадимки бомбадан жүздөгөн эсе күчтүү болчу. Андан адам аман калса, радиация алат да, айыкпас рак оорусуна чалдыгат. Бул ошонусу менен эле өзгөчө коркунучтуу.

Андан он эки жыл өткөн соң Хиросимадан бир канча алыс турган



шаарда жашаган Садако аттуу кыз катуу ооруп калат. Ал он үч гана жашта эле. Врачтар анын оорусун текшерип, лейкемия деген айыкпас оору менен ооруп калганын айтышат. Бул оору мындан он жыл мурун кичинекей кезинде атом бомбасынан алган радиациянын залалы болчу.

Садако айыкпастыгын өзү да, ата-энеси да билген. Бирок, эч кандай амал айла да жардам бербейт эле. Ошондо Садаконун эң жакын курбусу Тидзуко ага канаттуулардын ыйыгы – миң канаттуу турна жөнүндө айтып берет. Япондуктардын түшүнүгүндө турна адамга бакыт алып келет. Андай болсо, Садако кагаздан миң турна жасаган болсо, ал бул оорусунан айыгып кетет деп, ишендирет курбусу. Ага ишенген Садако кагаздан миң турна жасайм деп, күнү-түнү чарчабай аракеттенет. Ал аны менен алектенип, оорусун да унутуп, бар



күчүн кайтадан жыйнайт. Кээ күндөрү миң турнаны жасап бүтпөй тургансып, көңүлү чөгүп, бирок, кайрадан үмүт менен досторуна, ата-энесине дем берет. Ал алты жүз турна жасаган кезде оорусунан айыгам деген үмүттө Садаконун ден соолугу оңоло баштайт. Чымыркаңып, ишин дагы улантат. Бирок, аз күн өтпөй, ал өзү сүйгөн миң турнасын жасап бүтө албай, көз жумат. Ошондо 644 турнаны жасаган экен.


Садаконун классташтары буга абдан кайгырышат. Ал жасай албай кеткен 356 турнаны кагаздан жасашат да, эстелик катары баарын Садако менен кошо жерге коюшат. Садаконун бул кайгылуу өлүмү өзү



теңдүү миңдеген балдарды кайгыртат. Алар Садакого эстелик тургузуу үчүн ажайып клуб түзүшөт. Клубга дүйнөнүн көптөгөн окуучулары кызыгып, жардамга акчаларын беришет. Арадан үч жыл өткөндөн кийин балдардын чогулткан акчасы Садакого эстелик тургузганга жетишерлик болот. Ал эстелик азыр Хиросима шаарындагы Тынчтык паркына коюлган. Эстеликтеги ташка:

«Бул биздин көз жашыбыз,
Бул биздин таазим кылганыбыз.
Дүйнөгө тынчтык болсун!» – деп жазылып коюлган.

***(ООНдун жыйнактарынан)***




# СЫНГАН ТАБАК

Бир бала ойноп жатып, кымбат баалуу табакты кокусунан сындырып алды. Бир оокумда атасы: – «Табакты ким сындырды?» – деп сурады.

Бала корконунан калтырап кетип: – «Мен», – деди. Атасы уулуна: «Чындыкты айтканыңа ырахмат» – деди.

***К. Ушинский***



Көркөм-адабий басылма
Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн

## ТАЙЭНЕМДИН МАЙРАМЫ

Ангемелер

**Жаңылгандан кийин**
**Тайэнемдин майрамы**
**Кезек менен**
**Кагаздан жасалган миң турна**
**Сынгаң табак**

Басып чыгарган *О.Ю. Прядко-Каныбекова*
Сүрөтчүсү *Т.В. Зеленская*
Редактор, корректор *С. Карымшаков*
Дизайнчы жана терген *Е.А. Кисенкова*
Техникалык редактор *Н.В. Шевченко*

Басууга 15.10.08. кол коюлду. Форматы 47х65/6.
Нускасы 2600. Көлөмү 1,3 бас. таб. Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.

Кыргыз Республикасында басылды.
© «АЗУР» Басма үйү
720011, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Огонбаев көч. 222
Телефондор: +996 545 95-69-97, факс: +996 312 57-84-42
E-mail: azur-office@infotel.kg, admin.azur@gmail.com

Литературно-художественное издание
Для детей дошкольного возраста

## ТАЙЭНЕМДИН МАЙРАМЫ

Рассказы

**Жаңылгандан кийин**
**Тайэнемдин майрамы**
**Кезек менен**
**Кагаздан жасалган миң турна**
**Сынгаң табак**

Издатель *О.Ю. Прядко-Каныбекова*
Художник *Т.В. Зеленская*
Редактор, корректор *С. Карымшаков*
Дизайн и верстка *Е.А. Кисенкова*
Технический редактор *Н.В. Шевченко*

Подписано в печать – 15.10.08. Формат издания 47х65/6.
Тираж 2600 экз.Объем 1,3 печ. л. Бумага офсетная. Печать офсетная.

Отпечатано в Кыргызской Республике.
© Издательский дом «АЗУР»
720011, Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Огонбаева, 222
Тел. для справок: +996 545 95-69-97, факс: +996 312 57-84-42
E-mail: azur-office@infotel.kg, admin.azur@gmail.com

fast track initiative

АЗУР ОБРАЗОВАНИЕ